УДК 316.334.3.(575.2)

Б.Т. Сейитбаев,
К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин
саясат таануу жана укук дисциплиналары кафедрасынын башчысы,
саясий илимдеринин кандидаты, доцент
(sbakyt50@mail.ru)
Таалайбек уулу Бактилек
К.Карасаев атындагы БГУнун магистранты

ТЕРРОРИЗМ - XXI КЫЛЫМДЫН НЕГИЗГИ КОРКУНУЧУ

ТЕРРОРИЗМ - ОСНОВНАЯ УГРОЗА XXI ВЕКА

TERRORISM - BASIC THREAT OF XXI CENTURY

Аннотация: *Аталган макалада террроризмдин XXI кылымдын негизги коркунучу катары коомго тийгизген терс таасирлери каралып, андагы көйгөйлүү маселелер саясий талдоого алынат.*

Түйүндүү сөздөр: *терроризм, экстремизм, фанатизм, дин, оппозиция, социалдык макам, мамлекет, бийлик, коом, саясат, коопсуздук.*

Аннотация: *В данной статье рассматривается терроризм как основная угроза XXI века, и анализируются его проблемы в политическом аспекте.*

Ключевые слова: *терроризм, экстремизм, фанатизм, религия, оппозиция, социальный статус, государство, власть, общество, безопасность;*

Summary: *This article examines terrorism as the basic threat of XXI century, and analyzes it from the political point of view..*

Key words: *terrorism, extrimism, fanatism, religion, opposition, social status, state, power, society, security.*

Эл аралык терроризм заманбап мезгилдеги дүйнө жүзүнүн коопсуздугу менен туруктуулугуна коркунуч туудурбай койбойт. Анкени, ал бир нече мамлекеттердин коомдук, экономикалык, маданий коопсуздугуна, конституциялык жана укуктук түзүлүшүнө, алардын улуттук кызыкчылыктарына өтө чоң кесепетин тийгизип келүүдө. Бул азыркы учурдагы коомго ар кандай багытта жогорку деңгээлдеги коркунуч факторлорун жаратып, узак мезгилге чейинки туруксуздукту алып келүү менен адамзаттын прогрессивдүү өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратууда.

Негизинен алып карасак, терроризм түшүнүгү бул латын тилинен алынган *"terror"* – *"коркунуч"* деген сөздөн келип чыккан. Терроризм – бул саясий күрөштүн ыкмасы болуу менен саясий жана башка каршылаштарын коркутуу жана басым көрсөтүү максатында эч нерсе менен чектелбеген, согуштук аракеттер менен да байланышкан, зордук-зомбулуктарды системалык түрдө колдонуудан турат. Бул феномен өзүнө саясий ишмерлерди, мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерин кызматкерлеринин жана жөнөкөй жарандарды өлтүрүүнү, жардырууларды, банктарга, курал-жарак складдарына кол салууну, самолёттерду ж.б. айдап кетүүнү камтыйт. Негизинен террористтер – стратегиялык жеңишке эмес көбүнэсе өздөрүнүн аракеттеринин психологиялык натыйжалуулугуна үмүт кылышат. Терроризм мамлекеттик жана оппозициялык, ички жана эл аралык болушу да мүмкүн. Анын багытталышына ылайык азыркы күндө анын негизги түрлөрү катары буларды белгилеп кетсек болот: коомдук түзүлүштү туруксуздаштыруу менен өзгөртүү максатында ишке ашырылуучу социалдык терроризм – буга мисал катары карасак оңчул жана солчулдар – Италия, ФРГ, Түркия, Перуда ж.б. өлкөлөрдө болуп келүүдө; улуттук көз-карандысыздыкка жетишүүнү максат кылган улутчулдук терроризми – буга Ольстердеги ИРА, бир катар палестиналык топтор ж.б. кирет; диний ураандардын астында жүргүзүлүүчү терроризм – буга ИГИЛ, Аль-Каида, Хезболла, Жабхат ан-Нусра ж.б. реакциялуу динчил уюмдар кирет. Дегеле, терроризмдин бул түрлөрү эч бир жерде таза түрүндө кездешпейт, алар бири-бири менен айкалышып, терең чырмалышкан. Террористтик ишмердүүлүк байыркы мезгилден бери эле белгилүү. Анын активдештирилиши экономикада, социалдык курамда, коомдун баалуулук-нормативдик системасында терең өзгөрүү мезгилдерине туш келет. Социалдык статустун төмөндөшү, келечектен коркуу, адаттагы жүрүм-турумдун маданий-нравалык тескөө-

лөрүнүн артка жылуусу калктын кандайдыр бир бөлүгүн ыгы жок импульсивдүү саясий аракеттерге түртөт. Өзгөчө эл аралык терроризм Бириккен Улуттар уюму жана башка уюмдар аркылуу дүйнөлүк коомчулук тарабынан айыпталып азыркы учурда глобалдуу проблемалардын бири болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын окумуштуулары менен тажрыйбалуу адистери үчүн эл аралык терроризм жана ага каршы күрөшүү маселесин таанып билүүнүн актуалдуулугу, өлкөбүздүн өткөөл мезгилдеги социалдык-саясий жактан түп тамырынан бери өзгөрүүлөргө туш келген учурдагы, анын геосаясий, социалдык-саясий, экономикалык, криминологиялык, маданий ж.б. факторлорунун шартына ылайык келүүдө.

Маселенин тажрыйбалык жагына сереп салып карасак, Кыргызстан өзүнүн эгемендик жылдарынын алгачкы баскычтарында мурдагы постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен алгачкылардан болуп терроризм менен бет келишкен өлкөлөрдүн бири болуп калды. 1999-2000-жылдары Баткен окуяларында биздин өлкөбүз согушчан топ менен жакындан бет келишүүгө мажбур болду. Афганистан тараптан кирип келген куралчан топ менен кагылышуулар учурунда кыргыз аскерлери бир топ жоготууларга учурагандыгын жакшы билебиз. Ошол мезгилде өлкө Президенти Аскар Акаев дүйнө коомчулугуна кайрылуу жасап, терроризм менен чогуу күрөшүүгө үндөөгө аргасыз богондугун тарых тастыктай алат. Ушуга байланыштуу, кийин Кыргызстанда Американын жана Орусиянын аба майдандарын ачууга аргасыз болдук. Ага чейин, көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында Кыргызстанга аскер керекпи же кереги жокпу деген талаш-талкуулар да болуп келген эле. Соңку жылдары терроризм калктын калың катмарын кабатырланткан чоң коркунучтардын бирине айланып келүүдө. Азыркы мезгилде ар бир кыргызстандыктын террорчу жөнүндө жалпы түшүнүгү бар. Анткени, террорчулукка каршы күрөш жана өлкөнүн коопсуздугун коргоо маселеси 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясынан кийин өзгөчө мааниге ээ боло баштады. Кийинки мезгилдерде Кыргызстандын коопсуздук кызматтары өлкөдөгү негизги коркунучтардын бири катары терроризмди атап келүүдө. Атай кетсек, Ички иштер министрлиги Кыргызстанда 1200дөн ашуун адам террорчу деп катталганын айтып чыккан. Алардын 1192и "Хизб-ут-Тахрир" уюмунун жатктоочулары, ал эми 49 вахабисттер, 36 акромисттер жана экөө Өзбекстан Ислам кыймылынын өкүлү экенин ырасташкан эле.

Кыргызстанда 2010-жылдын күз айларында террордук жардырууларды уюштурууга аракет кылган деп экстремисттик-согушчан уюмдарга мүчө деп шектелген кишилер жок кылынып, айрымдары кармалганы тууралуу өлкөбүздүн атуулдары жакшы билишет. Коопсуздук күчтөрү аймактарда боло турган ондон ашуун жардырууларды планын аныктап, бөгөт койгонун айтып чыккан. Бул окуялар Кыргызстанда абдан кооптондурган жана чочулатчу жышаан катары белгиленип келүүдө, ал тууралуу Коопсуздук кеңешинин мурдагы катчысы Мирослав Ниязов мындай деп белгилеген: "Диний күчтөрбү, криминалбы, жикчил күчтөр чыгабы террор эмнеден пайда болду? Бийликке ишенбестиктен пайда болду. Бийликке нааразычылыкты билдирген күчтөр терроризмге айланып кетиши мүмкүн. Ушул күчтөр бир эле топ болбой бир нече топ болсо, анда Кыргызстанды алдыда дагы көптөгөн оорчулуктар күтөт".

Андан көп өтпөй Кыргызстандын Ички иштер министрлиги өз маалыматында Кыргызстанда 1279 адам "террорчу" деп катталганын алардын 1192и "Хизб-ут-Тахрир" уюмунун жактоочулары, ал эми 49 вахабисттер, 36 акромисттер жана экөө Өзбекстан Ислам кыймылынын өкүлү экенин ырасташкан. Бирок, коопсуздук маселелери боюнча талдоочу , саясат таануучу Орозбек Молдалиев Борбор Азияда ар кандай террористтик уюмдардын өкүлдөрү пайда болуп, алардын ишмердиги көзөмөлгө алынбай келаткандыгын белгилеп мындай дейт: "Өзбекстанда "хизбуттахрирчилерди" тескей баштаганда акырын гана Кыргызстанга келип отурукташып, бул жакта жайылып кетти. Ошондуктан бардыгыбызга тиешеси бар дегендин негизи бар. "Ислам жихаты" союзунун террористтери пайда болду, Жакынкы Чыгыш мамлекеттериндеги террористтик уюмдар дагы келе баштады бизге. Мурда "Аль-Каида", Өзбекстан ислам кыймылы десек азыр ар кандай уюмдун өкүлдөрү көбөйүп кетти региондо. Буларды биздин адистер жакшы таанып биле албайт. Азыр ошондой кыйынчылыктар болуп атат".

Андан сырткары, Кыргызстандагы терроризм маселеси боюнча талдоочулардын бири - дин маселелери боюнча эксперт Кадыр Маликов да биздин Республикабызда бул түшүнүктөрдү так классификациялай турган адистер жетишсиз болуп жаткандыгы көйгөйлүү көрүнүш экендигин белгилейт. Ошондуктан, биздин күч кызматтар вахабисттер, жихадчылар, террорчулар деп ар кандай аталыштарды айтып жатышкандыгын. Бул биздин коом үчүн өтө опурталдуулугун. Анткени, Кыргызстандыктардын басымдуу көпчүлүгү мусулман экенин эске алсак коомчулук менен бийликтин ортосунда чоң ажырым кетүү коркунучу бар экендигин. Бийликтин ар бир кадамы, ар бир билдирүүсүн коомчулук "антиисламчыл" катары кабылдап калышы мүмкүн болуп жаткандыгына көңүл буруп. Бул жактан алып караганда күч кызматтарынын билими жетишсиздигин баса белгилейт.

Ошону менен бирге, талдоочунун көз карашынан террордук аракеттер белгилүү бир топту, болбосо бүтүндөй мамлекетти бутага алышы мүмкүн экендигин. Анын артында дагы кайсыл бир топтор же болбосо бүтүндөй мамлекет тургандыгын. Ал турсун, бийлик режиминин өз элине каршы жасаган иш-аракеттери дагы террорчулук деп баалана тургандыгын айтып. Террорчулук - бул күч колдонуу экендигин. Ал коомчулукту же болбосо бүтүндөй мамлекетти коркутуу менен өзүнүн саясий максаттарын ишке ашырууга багытталаарын. Ал турсун мамлекет же болбосо өлкө башында турган элита дагы террорчунун ролунда болушу мүмкүн экендигин. Террорчулук бир гана диний көз караштагылар арасында эмес, светтик чөйрөдө дагы боло тургандыгын байкоого болот.

2014-жылы Кыргыз Республикасында терроризмдин бир түрү диний экстремизмден сак болуу максатында, диний жаатына тиешелүү мамлекеттин концепциясы кабыл алынган. Концепцияда 2014-2020-жылдардагы иш-чаралар камтылып, анын негизги максаты диний уюмдардын жана бирикмелердин иш-аракеттерин мамлекет тарабынан бир калыпка келтирүү болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, иш чаралардын алкагында терроризм жана диний экстремизмге байланыштуу маселелер, ушул багыттагы өлкөбүздүн компетенттүү адистеринин көңүл сыртында калган жок. Атай кетсек, 2015-жылдын 11-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия жана "Диалог Евразия" коомдук фонду тарабынан "Терроризмдин тамыры кайда жана анын дин менен байланышы барбы?" деген темада тегерек стол уюштурулуп, а жыйынга КР-дин президентинин алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын ошол кездеги төрагасы Орозбек Молдалиев, Кыргызстан аалымдар кеңешинин төрагасынын орун басары Марс Ибраев, Бишкек жана Кыргызстан епархиясынын башкармалыгынын өкүлү Андрей Кунавин, тарых илимдеринин доктору, эксперт-дин таануучу Назира Курбанова, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Социология кафедрасынын башчысы, социология илимдеринин кандидаты Бакыт Малтабаров, социология илимдеринин кандидаты Алиясбек Алымкулов, "Диндер арасы Кеңеш" коомдук бирикмесинин аткаруучу директору Галина Колодзинская жана көз карандысыз эксперт, теолог Улан Усуповдор катышышкан. Талкуу жыйынын тарых илимдеринин доктору, "Диалог Евразия" платформасынын улуттук кеңешинин төрагасы Асан Ормушев алып барып, анда тегерек столдун катышуучулары - "Терроризм" деген сөз эмнени билдирет жана бул термин качан пайда болгондугун; терроризмди эмнеге ислам менен байланыштырышаарын; азыркы терроризмдин пайда болушунун жана кеңири таралышынын себептерин; терроризмдин идеяларынын коомдо жайылышына каршы эмне кылуу керектигин; Терроризмди жеңүү үчүн кандай практикалык сунуштар берилип, аны ишке ашыруу үчүн биз Кыргызстанда эмне кылышыбыз керек, бүгүнкү учурда кандай кемчиликтерибиз бар, Аларды кантип оңдойбуз? Деген суроолор талкууланган.

Ушундай иш-чаралардын натыйжасында, мезгил талабына ылайык 2016-жылы 12-апрелде Бишкекте Диний кырдаалды изилдөө борбору ачылды. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын карамагында иштей турган бул мекеме изилдөө, мониторинг жана окутуу менен алектенип, мамлекеттик органдарга өлкөдөгү диний кырдаал боюнча сунуштарын, кеп-кеңешин берип турмакчы. Ал өз ишмердүүлүгүндө эл аралык уюмдар жана жарандык коом өкүлдөрү менен кызматташарын билдирүүдө. Албетте, мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү диний кызматтын өкүлдөрү менен бирдикте тургундар арасында диний экстремизмге каршы туруу, элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо багытында ар дайым түшүндүрүү иштерин жүргүзсө жеткиликтүү да, ишенимдүү да болмок.

Биздин өлкөбүздө кайсыл уюмдар террористтик, экстремисттик топтордун катарына кире тургандыгы тууралуу белгилей кетсек. 2003-жылдан 2014-жылдардын ортосундагы аралыкта Кыргыз Республикасынын территориясында ар кандай инстанциядагы соттордун чечими боюнча эл аралык деңгээлдеги экстремисттик, террористтик жана деструктивдик уюмдар катары - «Аль-Каида», «Талибан» кыймылы, Чыгыш Түркстан Ислам кыймылы, Күрд элдик конгресси («Конгра-Гель»), Чыгыш Түркстан Боштондук уюму, «Хизбут-Тахрир аль Ислами», Джихад тобу (Союз Исламского джихада), Түркстан Ислам партиясы (Өзбекстанр Ислам кыймылы), «Жайшуль Махди», «Джундуль Халифат», «Ансаруллох», «Ат-Такфир Валь-Хиджра», Муна Чиркөө бирикмеси, «Акромия», 2015-жылы «Ислам мамлекети» (ИГИЛ) террористтик уюмдары, Кыргызстандын территориясында тыюу салынган террористтик уюмдар катары тизмеге киргизилген.

Жыйынтыктай келсек, биринчиден идеологиялык стратегияны иштеп чыгуу менен терроризм жана диний экстремизмди жеңүү үчүн илимпоздор, эксперттер, теологдор жана башкалар баарыбыз биргеликте идеологияны иштеп чыгышыбыз керек. Экинчиден, эксперт, серепчилер тарабынан жаштар арасында, дегеле калың катмарга экстремизм боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү сунуштап келүүсү абзел. Үчүнчүдөн, диний билим берүү тармагын реформалоо менен бул багыттагы билим берүү мекемелерин лицензиялоо жана ислам дини боюнча атайын маалыматтык агартуу борборун түзүү зарыл. Төртүнчүдөн, Коопсуздук комитетинин Террорчулукка каршы борбору жер-жерлерде атайын окууларды жана машыгууларды өткөрүп келүү менен бирге, баары өлкөдөгү терроризмди алдын алуу максатында кесипкөй адистер, окумуштуулар, аналитиктер бирдикте иш алып баруусу зарыл.

Адабияттар

1. *Морозов Г.И. Терроризм - преступление против человечности. М.: Эдиториал УРСС, 2001*
2. *Требин М.П. Терроризм в XXI веке. Истоки, цели, методы, организации, фигуры, прогнозы. Минск: Харвест, 2003.*
3. *Большая актуальная политическая энциклопедия / Беляков А.В. и др. –М.: Эксмо,2009.-424 б.*
4. *Асекова С. У. Кыргызстандагы диний кырдаалдын учурдагы абалы/ ОшМУ Жарчысы, №3, I чыгарылыш, 2016-жыл, 13-15 июнь. –Ош,2016.-Б.78-81.*
5. *Афанасьев Н.Н. Идеология терроризма // Социально-гуманитарные знания. 2001. №6.*
6. *Дзлиев М.И. Международный терроризм социально-политический феномен// Безопасность Евразии. 2002. №3.*
7. *Абдылдаев А. Кыргызстандагы эл аралык терроризм коркунучу. 15.08.2011.www.bbc.com/kyrgyz/*
8. *Борбор Азияны чочуткан экстремизм. 12.12.2011-ж. htp/www.azattyk.kg*
9. *Султанбекова С. ИГИЛ как фактор угрозы национальной безопасности КР.http://www.zoofirma.ru/источник: http: // easttime.ru/analytics/ kyrgyzstan/islamskoe- gosudarstvo- ugroza- natsionalnoi-bezopasnosti-kyrgyzstana/12352*
10. *"Терроризмдин тамыры кайда жана анын дин менен байланышы барбы?" 11.11.2015ж. htp/www.vb.kg/kabarordo*